2019/2020

Катышуучунун коду
Код участника

| |
|---|
| |

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

БИЛИМДИ БААЛОО ЖАНА ОКУТУУ УСУЛДАРЫ БОРБОРУ
ЦЕНТР ОЦЕНКИ В ОБРАЗОВАНИИ И МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ
CENTER FOR EDUCATIONAL ASSESSMENT AND TEACHING METHODS

Республикалык олимпиаданын II (райондук) этабы

# Кыргыз тили жана адабияты

**(кыргыз класстары үчүн)**

**1-күн**

| | | | |
|---|---|---|---|
| Фамилиясы/ Фамилия | | Аты/Имя | |
| Атасынын аты/ Отчество | | | |
| Мектеби/Школа | | Айылы/ Село | |
| Району/Район | | Шаары/ Город | |
| Облусу/Область | | | |
| Телефону/ Телефон | | | |
| Мугалими жөнүндө маалымат/ Сведения об учителе | | | |
| Мугалиминин ФАА/ ФИО учителя | | | |

# НУСКАМА

**1-күн.** Текст менен иштөө: талдоо. Текст менен иштөөгө 4 саат берилет. Окуучуларга адабий текст жана ага карата бир нече суроо берилет.

Текст менен иштөөдө эмнелерге көңүл буруу керек:

- берилген суроого так жана толук жооп берүү;
- синтаксистик синонимия жолу менен текстте айтылгандарды кайра кайталабоо;
- тексттен мисал келтирүү менен өз оюн далилдеп берүү;
- адабият теориясында кездешүүчү түшүнүктөрдү көрсөтүп берүү;
- көркөм сөз каражаттарынын текстте аткарган кызматын түшүндүрүп берүү ж.б.у.с.

Тил жагынан окуучу

- бай сөз запасын;
- грамматикалык конструкцияларды түрдүүчө колдоно билүү жөндөмдүүлүгүн ж.б.у.с. көрсөтөт.

Олимпиада тапшырмаларынын аткарылышынын башкы критерийи – өз алдынчалык.

Олимпиадада телефон чалууларга жана социалдык тармактардагы коммуникацияга, олимпиада катышуучулары тарабынан тапшырмалардын талкууланышына жана орток аткарылышына тыюу салынат. Бул шарттар бузулганда, окуучу олимпиада катышуучуларынын курамынан чыгарылат.

Тапшырмаларды орток аткаруу же көчүрүү фактылары байкалган иштер, аткарылган тапшырмалардын сапаты жана санына карабастан, «0» деген упай менен бааланат.

Эгер иш кайра айтылган же көп бөлүгү кайра көчүрүлгөн комментарийсиз баштапкы тексттен гана турса, анда ал иш **нөл упай менен бааланат.**

Упай
Баллы

Катышуучунун коду
Код участника

Кыргыз тили жана адабияты боюнча райондук / шаардык олимпиаданын тапшырмалары (кыргыз класстары үчүн). **1-күн.**

**Аткаруу убактысы: 4 саат**

**1-тапшырма. Б. Усубалиевдин “Бука” аттуу повестинен алынган үзүндүнү кунт коюп окуп чыккыла жана ага карата берилген суроолорго кыска, так жооп бергиле.**

...Титиреп кетти Мурат. Балапандай тырпырап кетти. Эс тарткан күндөн тартып эле өлүм менен аралашып келет. Өлүм деген сөздү угуп келет. Көмгөнгө деле далай барбадыбы. Бала чагында деле далай барган. Бирок өлүм эмне экенин билбеген. Адамдын өлүмү деген эмне экенин түк элес алчу эмес. Тырпырап каларын гана билди. Дал ошол бала чагында билди. Жайылган буудайды кайтарып, эшиктин алдында отурган. Колунда – рогатка. Бир кезде топ чымчык учуп келип, жабыла буудайга конуп калды. Бирөө өзгөчө койкоңдойт. Мээлеп туруп, берип калды. “Быр-рр” этип уча жөнөдү чымчыктар. Бирөө уча албай калды. Сүйүнүп чуркап барган. Барган да, бир силкинип титиреп кеткен Мурат. Тырпырайт. Тырпырап жатат. Ушу тырпыраганы Мураттын эсин эңгиреткен. Учургусу келген. Колуна алган да, көккө аяр ыргыткан. Талп эте жерге түшүп, солуп жатып калган. Кайра колуна алган, башы шылк дей түшкөн. “Учсаң эми, уча гой… Оңой эле да… Учуп кетсең эми…” – Шылкылдаган башка ушинтип жалбарган Мурат. Анан балапанды башын шылкылдатып колуна бекем мыкчып алганын унутуп, аны асманга учуруп жибергендей көктү карап, кайра тыбырчылаган: “Учуп кетсең эми… Оңой эле да… Уча гой…” Ушу маалда атасы келген да: “Балапан экен да… Өлүп калган тура…” – деген башын чайкай. Урушкан эмес, урушууга дарамети жетпегендей, жөн эле ушинтип алсыз шыбыраган. Муратты караган эмес, алаканындагы башы шылкылдаган балапанды карап туруп, ушинтип шыбыраган. Билген эмес Мурат, өлүм деген чымчыкты тырпыратып учурбай коёрун билген эмес. Аны үч элес ээрчип алган: балапандын тырпыраганы, уча албай койгону, анан башы шылк дей түшкөнү. Дайыма алаканын тигиле карап калчу. Балапанды учурайын деп кармаган колунун алаканын. Ошо алаканы балапандан ажырагандан кийин ысып чыккан. Дем алып, кандайдыр бир өзгөчө жалын бүрккөндөй болгон. Ооба, алаканы кадимкидей эле дем алган.

1. Мурат көзү менен эмнелердин сүрөттөрүн тартып алып, аларды өзү менен кошо алып жүрөт? Эмне үчүн?

2. Текстте кимдер, эмнелер бар? Алардын баары биригип келип эмнени түзөт?

3. Текст кайсы стилде жазылган, анын ошол стилде жазылгандыгын кантип далилдээр элеңер?

4. Текстте канча Мурат бар, алар кимдер, бир эле кишиби?

5. Сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнө көңүл бургулачы, эмне үчүн ушундай түзүлүштөгү сүйлөмдөр колдонулган деп ойлойсуңар?

6. Мурат эмне үчүн балапанды өлтүрө атты?

7. Эмне үчүн Мурат дайыма алаканын тигиле карай берет, эмне үчүн анын алаканы ысый берет? Чоң Мурат азыр алаканын карап, анын ысыганын сезет болду бекен?

8. Окуялар кандай ык-амалда жайланышкан, берилген деп ойлойсуңар?

9. Эмне үчүн жазуучу балапандын өлүмүн ушунчалык майдалап жазган?

10. Автор кандай көркөм сөз каражаттарын, көркөм ыкмаларды колдонгон, тексттен алынган мисалдар аркылуу далилдеп көрсөткүлө.

11. Эмне үчүн атасы Муратты урушкан жок деп ойлойсуңар?

12. Тексттеги негизги идеяны эмнеден көрөсүңөр?

**2-тапшырма. А. Осмоновдун “Жибек кийген эрке кыз” аттуу ырын кунт коюп окуп чыккыла жана ага карата берилген суроолорго кыска, так жооп бергиле.**

Жамгыр жаады, жамгыр жаады шатырап,
Күн күркүрөп, чарт-чурт этип чатырап,
Шуу-шуу эткен легковойдун бооруна
Балчык тийип, жамгыр суусу чачырап.

Жибек көйнөк сулууча кыз энтелейт
Жамгыр кантсин, жаба куюп эркелейт,
“Ай булганды, ай бузулду көйнөгүм,
Жайдын жааны жаабай койсо эмне?” – дейт.

Тоо алдында колхозчу ата кубанат,
Жай булуту үстү-үстүнө куралат.
“Дан көбөйүп, эрке кызым кулпуруп
Жибек көйнөк кийсе экен”, – деп суранат.

*20. 12. 1945-жыл, Кой-Сары*

1. Ырдын аталышынан полисемиянын кайсы түрүн жолуктура алдыңар, аны ошол микротекстте (сапта) лингвистикалык гана кубулуш катары кароого болобу?

2. Эмне үчүн биринчи куплетте тууранды сөздөр жыш колдонулду деп ойлойсуңар?

3. Жамгырга карата автор кандай көркөм ыкманы колдонгон?

4. “Энтелейт” сөзү кандай маанини туюндурат, ал бул сапта уйкаштык үчүн гана колдонулганбы?

5. Жамгыр менен кыздын окшоштугу эмнеде?

6. Кыз менен колхозчу атаны бириктирип турган нерсе эмне?

7. Акыркы куплетте эмне үчүн “жамгыр” сөзү жоголуп кетти, колдонулбай калды деп ойлойсуңар? Анын ордуна кайсы каражаттар колдонулду?

8. Кыз жамгырдан эмнени көрөт, колхозчу ата эмнени көрөт?

9. Кыз менен колхозчу атага акындын мамилеси кандай: кимисин жактайт да, кимисин жектейт?

10. Акын ыры аркылуу адам баласындагы кандай өксүктү, алсыздык менен байкуштукту берген деп ойлойсуңар?

11. Акын кыз тагдырына эмне үчүн кооптонот?

12. Бул чыгарма жамгыр жөнүндөгү ырбы?